**Байтикова Бактыгуль Батырбековнанын “Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун илимий-методикалык негиздери” деген аталыштагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча, педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата**

## РАСМИЙ ОППОНЕНТТИН ПИКИРИ

**Изилдөө үчүн тандалып алынган теманын актуалдуулугу.**

Байтикова Бактыгуль Батырбековнанын “Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун илимий-методикалык негиздери” аттуу диссертациясында бүгүнкү күндө мамлекеттик тилдин мектептерде, анын ичинде улуттук (өзбек, тажик, орус) мектептерде окутуу жагы бир нече этаптарды басып өтсө да, кыргыз адабиятын окутуу маселеси өз деңгээлине чыга албай жаткандыгы белгиленет. Себеби, учурда өзбек мектептеринде кыргыз адабиятын окутуу боюнча адистердин аздыгы, кыргыз адабияты боюнча окуу китептери менен толук кандуу камсыз болбогондугу, мугалимдерге кыргыз адабиятын окутуу боюнча окуу-усулдук колдонмолордун жетишпестиги илимий ишибизди жазууга түрткү берди. Демек, ушул өңүттөн алып караганда, өзбек мектептеринде кыргыз адабиятын окутуу маселеси изилдөөнүн актуалдуулугун айгинелейт. Кыргызстандагы окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабияты предметин окутуунун илимий-методикалык негиздери иштелип чыкпагандыктан, бул предметти окутуунун көп маселелерин советтик учурда орус адабиятын улуттук (окутуу орус тилинде жүргүзүлбөгөн) мектептерде окутуу боюнча адистер иштеп чыккан, практик мугалимдер колдонуп келген жана азыр да пайдаланып жаткан илимий концепцияларга, педагогикалык-методикалык принциптерге жана алдыңкы тажрыйбаларга таянып, аларды андан ары

өркүндөтүү милдети коюлду. Советтик доордо адабиятты искусство катары түшүнүү, кабыл алуу багытында адабиятчылар, психологдор, философтор (В.Асмус, Ю.Борев, Л.Выготский, Е.Маймин, О.Никифорова, А.Салиев, П.Якобсон ж.б.) методологиялык негиздүү ойлорду айтышса, адабиятты окутуу аркылуу окурмандарды тарбиялоо, жаштардын эстетикалык табитин көтөрүү багытында методисттер (Г.И.Беленький, Т.Г.Браже, Н.И.Кудряшев, Т.Ф.Курдюмова, В.Г.Маранцман, Н.Д.Молдавская, З.Я.Рез ж.б.) илимий концепцияларды иштеп чыккан.

Бөтөн тилдүү окуучуларга башка элдин адабиятын үйрөтүү, тагырагы, союздук республикалардын улуттук мектептеринде орус адабиятын окутуу проблемалары бир катар окумуштуу-методисттердин (М.М.Абдувалиева, М.Н.Беглиева, Е.А.Есаян, Б.Ф.Инфантьева, Д.А.Клумбите, Е.Г.Колпакова, И.К.Кунгурова, А.Г.Лосев, И.Х.Майорова, А.А.Немсадзе, Р.Б.Нуртазина, А.В.Рыжеволова, М.И.Стаменова, И.Е.Токарская, Е.К.Францман, Б.А.Ходжибаева, С.В.Хрол, Л.А.Шейман, С.Н.Юзбашева ж.б.) изилдөөлөрүнүн өзөктүү темасына айланган. Булардын ичинен кыргыз мектептеринде орус адабиятын окутуу боюнча Л.А.Шеймандын окуу китептери, методикалык колдонмолору ошол кездеги жалпы союздук, ал гана эмес эл аралык деңгээлде жогору бааланган. Мына ушул эмгектер кыргыз адабиятын өзбек тилдүү аудиторияда окутууга жол көрсөтөрүн бул предметти окутуу багытындагы алгачкы тажрыйбалар көрсөттү.

Ошондой эле, кыргыз адабиятын кыргыз мектептеринде окутуу боюнча илимий эмгектердин (Б. Алымов, С.Батаканова, К. Иманалиев, И. Исамидинов, Н. Ишекеев, Н. Кангелдиев, С. Момуналиев, А. Муратов, В. Мусаева, С.Рысбаев, С.Сакиева, Н. Шнейдман, ж.б.) жоболорун да өзбек тилдүү окуучуларга кыргыз адабиятын окутуу ишинде пайдаланууга боло тургандыгы тастыкталган.

Соңку жылдарда орус, өзбек, тажик тилдүү мектептерге кыргыз тили жана адабияты предметтери атайын сабак катары киргизилип, алар боюнча окуу-

нормативдик материалдар, методикалык колдонмолор жазылды (Б.Абдухамидова, М.Абдыкадырова, А.Акматова, Т.Аширбаев, З.Дербишова, К.Добаев, Ү.Култаева, А.Максутова, С.Момуналиев, А.Мусаев, А.Муратов, С.Рысбаев, Т.Үсөналиев, Ж.Шериев, М. Шарипова ж.б.), бирок бул материалдар да кайрылган проблема боюнча изилдөөлөрдүн аз санда болуп жаткандыгын көрсөтөт.

Көрсөтүлгөн иштерде кайрылган тема – өзбек мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун илимий-методикалык негиздери атайын иликтөө максатында алынбаган, андыктан да ал проблеманы диссертант эң алгачкылардан болуп колго алган.

**Изилдөөнүн жаңылык деңгээлин төмөнкүлөр менен аныкталат:**

Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун жалпы теориялык проблемалары талданып, жыйынтыктары жалпылангандыгы, окуу программаларына, окуу китептерине анализ жүргүзүлгөндүгү жана өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун өзгөчөлүктөрүнө токтолуу менен окутуунун эффективдүү ыкмалары жана жолдору сунуш этилгендиги, өзбек жана кыргыз адабияттарын байланыштырып, интеграциялап окутуунун дидактикалык талаптары, принциптери иштеп чыгылгандыгы жана кыргыз адабиятын окутуунун методикалык системасын колдонуунун натыйжалуулугу педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилип, мектеп мугалимдерине сунушталгандыгы.

Изилдөөнүн **максаты** окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабияты предметин үйрөтүүнүн методикасын илимий-теориялык негизде иштеп чыгуу жана аны эксперимент жолу менен текшерүү.

Аталган максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** коюлган:

1.Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун жалпы теориялык проблемаларын үйрөнүү, талдоо жана жыйынтыктоо, аларды жалпылоо.

2.Окуу программаларына, окуу китептерине анализ жүргүзүү, алардын оң жактарын жана кемчилдиктерин көрсөтүү, себеп-натыйжаларын аныктоо.
3.Өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун өзгөчөлүктөрүн жана окутуунун эффективдүү ыкмаларын жана жолдорун аныктоо, өзбек жана кыргыз адабияттарын байланыштырып окутуунун дидактикалык талаптарын, принциптерин, ыкмаларын мектеп практикасына сунуштоо.
4.Сунуш кылынган илимий-методикалык жоболорду жана натыйжаларды тажрыйбада текшерүү.

Диссертациянын түзүлүшү системалуу жана логикалык жактан ырааттуу.

Диссертациянын **биринчи главасы** "Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун жалпы теориялык проблемалары" деп аталып, окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун тарыхы каралган. Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабияты окуу программасына, окуу китептерине талдоо жүргүзүлүп, кыргыз адабиятын өзбек мектептеринде үйрөтүүнүн өзгөчөлүктөрү белгиленген (12-45-бб.). Өзбек тилдүү мектептердин 5-классында жомокторду окутуунун өзгөчөлүктөрү талдоого алып, «Акыл Карачач» жомогун окутуунун үлгүсүн берген (51-53-бб.). Аталган главада көркөм текстти автордун позициясы менен байланышта интерпретациялоонун жолдору жана ыкмалары Тоголок Молдону чыгармаларын талдоо аркылуу тастыкталган (53-67-бб.). "Салт ырларын окутуу – кыргыз элинин турмушун окутуу" деген бөлүмдө (67-75-бб.) "Бешик ыры", "Кошок" ырларын окутуу аркылуу кыргыз элинин салтын үйрөтүү кажет экендигине токтолот. "Өзбек мектептеринде кыргыз адабиятын окутууда интерактивдүү усулдарды пайдалануу" (75-86-бб.) бөлүмүндө интерактивдүү сабактардын үлгүлөрү берилген. Белгилеп кете турган нерсе, өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабияты предмети боюнча класстан тышкаркы иштерди жана ийримде иш алып баруунун жолдору да каралган (86-94-бб.).

**Экинчи глава** "Өзбек мектептеринде кыргыз адабиятын өзбек адабияты менен байланышта окутуунун методикасы" деп аталып, өзбек жана кыргыз

адабияттарын байланыштырып окутуунун дидактикалык принциптери, 5-класста Ч. Айтматовдун өмүрү-чыгармачылыгын, «Атадан калган туяк» чыгармасын, 6-класста жазуучунун «Биринчи мугалим» чыгармасын окутуу иштери каралып, өзбек мектептеринде кыргыз адабиятын окутууда өзбек жана кыргыз адабиятын интеграциялап үйрөтүүнүн жолдору, ыкмалары изилдөөгө алынган (97-126-бб.).

Өзбек жана кыргыз адабияттарын байланыштырып окутуунун төмөнкүдөй дидактикалык принциптери каралган.

1. Өзбек адабияты менен кыргыз адабиятын байланыштырып окутуунун жалпылык принциби.

2. Өлкө таанытуучулук принциби. Бул принцип өз ичине лингвоөлкө таануу жана мекен таануу подпринциптерин камтыйт.

3. Салыштырып-байланыштырып окутуу принциби.

4. Этномаданий билим берүү принциби.

5. Кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү же коммуникативдүүлүк принциби.

6. Кыргыз адабиятын өзбек адабияты жана башка предметтер менен интеграциялоо принциби.

Көрсөтүлгөн принциптерди таянуу менен Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутуу боюнча ыкмалар сунуш этилген. Сунуш этилген ыкмаларда жогорудагы принциптердин өлкө таанытуучулук, салыштырып-байланыштырып окутуу, этномаданий билим берүү, кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү ж.б. принциптер камтылган. Ошондой эле, бул главада кыргыз адабиятын окутууда өзбек жана кыргыз адабияттарын интеграциялап үйрөтүүнүн жолдору, ыкмалары жөнүндө сөз болот.

**Үчүнчү глава** педагогикалык эксперименттин жүрүшүнө жана жыйынтыктарына арналган (155-168-бб.).

Диссертациясынын материалдарын ишке ашыруунун жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй оң натыйжалар алынган: (169-170-бб.)

1.Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин кыргыз адабиятын окутуунун жалпы теориялык маселелери жалпыланды, аларга талдоо жүргүзүлүп, жыйынтыктар чыгарылган;
2.Окуу программаларына анализ жүргүзүлүп, китеп түзүүгө карата сунуштар, сын-пикирлер берилген;
3.Өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун өзгөчөлүктөрүнө токтолуу менен окутуунун эффективдүү ыкмалары жана жолдору сунушталган;
4.Өзбек жана кыргыз адабияттарын байланыштырып окутуунун дидактикалык талаптары жана принциптери иштелип чыккан;
5.Окутуу өзбек тилиндеги мектептердеги кыргыз адабияты предметин окутуу боюнча жалпы абал эксперименттик тажрыйбалар аркылуу иликтенип, жалпылаштырылган.

Иштин аягында изилдөөнүн жалпы жыйынтыктары, корутундулар жана практикалык сунуштар, адабияттардын тизмеси, тиркеме берилген.

Байтикова Бактыгуль Батырбековнанын "Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун илимий-методикалык негиздери" аттуу диссертациялык ишинде берилген илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделиш даражасы жогору жана анын практикалык мааниси боюнча окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятын окутуупредметинин жумушчу программаларын, окуу китептерин, усулдук колдонмолорду түзүүчүлөр, методист-окумуштуулар жана мугалимдер пайдалануу менен билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жардам берет.

Диссертациянын авторефератында изилдөөнүн мазмуну, негизинен, чагылдырылган, андан эмгектин логикасын андап билүүгө болот. Иштин теориялык ойлору практикада сынактан өткөрүлгөн.

Жарыяланган эмгектердин саны – 9 жана алар теманын негизинде жазылган, ЖАК талап кылган басылмаларда жарыяланган.

Диссертациялык изилдөөдө окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун илимий-методикалык негиздери теориялык жана практикалык орчундуу маселелери ийгиликтүү аныкталышы менен бирге, иштин жалпы сапатына анча таасир эте албаган айрым кемчиликтер да кездешет.

Алар:

1. Биринчи главанын корутундусу солгун жазылып калган, б.а., үчүнчү, төртүнчү, бешинчи бөлүмдөр боюнча корутунду жазылбай калган.
2. Экинчи главанын, биринчи параграфы "Өзбек жана кыргыз адабияттарын байланыштырып окутуунун дидактикалык талаптары, принциптери" деп аталат, талаптары деген сөздү алып койсо болмок.

**Жыйынтыктап айтканда,** Байтикова Бактыгуль Батырбековнанын "Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун илимий-методикалык негиздери" аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча диссертациялык иши жана анын автореферата Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялоо комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү жобосунун» талаптарына ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат. Изилдөөнүн автору Байтикова Бактыгуль Батырбековнанын аталган адистик боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонент,**
**К.И.Скрябин атындагы КУАУнун Мамлекеттик тил**
**жана тарбия иштери боюнча проректору,**
**педагогика илимдеринин доктору, профессор** **Батаканова С.Т.**

С.Т. Батакановanын кол тамгасын тастыктайм
Подпись ... заверяю.
Нач. отдела кадров
"2" октябрь 2017 г.